УДК: 930.85

Каниметов А.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ КАГАНАТЫ ЖАНА АЛТАЙ, ТУВА, ХАКАСТАР МЕНЕН ЭТНОМАДАНИЙ АЛАКАЛАР

*Аталган макалада тарых булактарында эскертилген маалыматтардын негизинде кыргыздардын Саян-Алтай аймагындагы уруулар, элдер менен этностук алакалары Кыргыз каганатынын үстөмдүк кылган мезгилинде тыгыз жүргөндүгү каралды.*

***Негизги сөздөр:*** *каганат, алтай, тува, хакас, кыргыздар.*

*В статье рассматривается вопросы господства Кыргызского каганата над племенами и народами Саян-Алтайской территории на основе исторических источников.*

***Ключевые слова:*** *каганат, алтай, тува, хакас, кыргызы.*

*This article considers issues of Kyrgyz domination over the tribes and peoples in the territory of Sayan-Altai on the basis of historical sources.*

***Key words:*** *kaganat, altai, tuva, hakas, kyrgyz.*

Монголияны кыргыздардын жеңип алышы Орто Азиянын тарыхында Батыштан Чыгышты көздөй басып алуу кыймылынын сейрек мезгили болуп саналат, себеби бүт басып алуу кыймылдары чыгыштан батышты көздөй болгон. Кыргыздардын ханы жеңишке жеткенден кийин «Лаошан» же Думань тоолорунун түштүк жагына, уйгурлардын мурунку борборунан ат менен он беш күндүк жерге көчүп барып жайгашкан.

840-жылы кыргыздардын уйгурларды жеңиши менен кыргыздардын жылдызы жанган сааты келген. IX-X кылымдарда жүз жыл чамасында «Кыргыздын улуу державасы» (В.В.Бартольд), «Кыргыздын жылдызы туткан сааты» (Н.Ю.Худяков) өкүм сүргөн. Кыргыз каганаты 840-жылдан тартып 945-жылдарга чейинки аралыкта жашаган. Уйгурлардын жарым бөлүгү карлуктарга, жарымы Тибет менен Кытайга кире качышкан. Калган он үч уруу уйгурлар Угэ-тегинди 841-жылдын март айында каган көтөрүп, ал өлгөнчө 846-жылдын августуна чейин кыргыздар менен күрөшкөн [2, 208-б.].

Уйгурлардын Кечжили тегин башында турган кайсы бир бөлүгү Забайкальеге, башка бөлүгү Түштүн Маньчжурияга кидандардын жерине, дагы эки бөлүгү түштүк-чыгышка Тан империясынын аймактарына кирип барышкан. [11, 262-б.] Уйгурлардын жана башка телес урууларынын бир бөлүгү батышка (Иртыш айланасына) кимактардын жерине кетишкен. Кыргыз тарабына өткөн уйгур жана теле урууларынын кайсы бир бөлүгү Монголияда калган. Ал эми кыргыздар тарабынан уйгурлардын кээ бир бөлүктөрү Миң-Суу ойдуңуна көчүрүлүп, бул мезгилдерде ушул аймактарда аттын териси бар уйгур көрүстөндөрү пайда болгон. [11, 262-б.]

Мына ушул берилген маалыматтарга таянсак, уйгурлардын туш тарапка тарап кеткендиги жөнүндө кабар берет. Уйгур каганаты ойрон болуп, уйгурлар түндүк- чыгышка (Эдзин-Гол аймагы), түштүктө (Ганьчжоу аймагы), түштүк-батышка (Чыгыш Түркстан) аргасыздан журт которушкан, калып калган бир аз бөлүгү кыргыздарга аралашып кеткен. Айрым кыргыз топтору уйгурлардын артынан түшүп, IX кылымдын ортосунда Чыгыш Теңир-Тоого, Жети-Сууга чейин келип, жашап калышкан. Ушуну менен катар кыргыздар уйгурлардын Орхон дарыясынын боюндагы Ордо-Балык шаарына 100 миң колу менен келип басып алышкандыгы баяндалат. Кыргыздар Борбордук Азиянын бир катар райондорун - Монголияны, Жунгарияны, Чыгыш Түркстан жерлерин ээлешкен.

X кылымдын башында енисейлик Кыргыз мамлекетинин борбору Борбордук Тувадагы Кемиджкет шаарына которулгандыгы «Худуд ал-аламдын» белгисиз автору тарабынан маалымдалат [6, 41-б.]. Кыргыз каганы уйгурлардын борбору-Ордо-Балыкты

караткандан кийин өзүнүн ордосун Монголияга көчүргөн да, Тан империясы менен мамилени оңдоого аракет кылуу менен, Чыгыш Түркстандын ири шаарларын: Бешбалык жана Кучаны, кийинчерээк Аньси менен Бейтинди ээлешкен.

Ал эми Л.Н.Гумилев Туманскийдин жазганына таянуу менен, кыргыздардын Улуу державасы мезгилиндеги ээлеген аймактары түштүк батышка чейин созулгандыгын маалымдайт. Кыргыздар азыркы Уч-Турфандын ордунда жайгашкан Пенчул шаарларын ээлешкен. С.М.Абрамзондун маалыматында “Кыргыз улуу державасы” айрыкча бир жогорулаган учурда “кыргыз” деген наам этностук гана эмес, саясий мааниге да ээ болсо керек дейт. “Ал кезде кыргыз наамындагы уруулар Миң-Суу (Минусинск) өрөөнүндө, Саян-Алтайда, андан Түштүктө, Түштүк-Батышта, Жуңгария аймагында жана Чыгыш Түркстанда да жашап турушкан”, дейт [1, 296-б.] Кытай жазма булактарында кыргыздар хакас деп берилген, перс жана араб тарыхчылары жана географтары да кыргыздардын өлкөсү, жайгашкан аймактары, турмушу тууралуу маалыматтарды толук маалымдаган. Бирок эң маанилүү жана баалуу булактар Енисейде жана Орхондо табылган рун жазуулары болуп эсептелет. Орхон эстеликтеринде Чыгыш каганатынын тарыхы толугу менен чагылдырылган жана ага байланыштуу кыргыздар бир нече жолу эскерилген. Енисей жана тува тексттери кыргыздардын байыркы жазуулары болуп эсептелет жана кыргыздардын социалдык-экономикалык түзүлүшү тууралуу маалыматтарды берет. [2, 129-б.]

Кыргыздардын Саян-Алтайдын этностук жана маданий чөйрөсү менен терең байланыштары тарыхый булактарда, илимий адабияттарда, фольклордун маалыматтарында, санжыраларында чагылдырылып келет. Кыргыздардын этногенези жана этностук тарыхынын башаты, кыргыздардын теги жөнүндө Борбордук Азия (Саян-Алтай, Монголия) менен терең байланышкан. Муну менен катар кыргыздар Саян-Алтай аймагы гана эмес, Чыгыш Түркстан, Монголия жана Тибеттин аймагындагы элдер менен байыртадан эле этностук алакаларда болуп келгендиги ырас. [1,24-б.] Саян-Алтай аймагы, анын калкы, андагы тарыхый-археологиялык эстеликтер, фольклору, лингвистикасы, байыркы жана орто кылымдардагы Кыргыз мамлекетинин бул аймактар менен тарыхый-этностук алакалары изилдөөчүлөрдүн көңүлүндө болуп келген. Саян-Алтай аймактарынын калкы, этнографиясы, археологиясы, ошондой эле бул өрөөндөгү жайгашкан тарыхый эстеликтер Россия империясына каратылгандан соң, атайын жөнөтүлгөн илимий экспедициядагы кызматкерлердин көңүл борборунда болгон.

Кыргыздар жана алардын этногенези, этномаданий байланыштары боюнча иликтөөлөр окумуштуу Н.А.Аристовдун калемине таандык. Ал эми Саян-Алтай аймагындагы калктардын тарыхын, этнографиясын изилдөөнү жана аны иликтөөнү атактуу чыгыштаануучу В.В.Радлов жогорку деңгээлге көтөрдү. Кыргыздардын Саян-Алтай, Чыгыш Түркстан (Батыш Кытай жана ага чектеш жерлер) ж.б. этностук-маданий чөйрөсү менен байланышында Н.А.Аристов, В.В.Бартольд, В.В.Радлов, А.Н.Бернштам, Б.Солтоноев, Ө.К.Караев, Д.Г.Савинов, И.Б.Молдобаев, В.Я.Бутанаев, Ю.С.Худяков ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектери зор мааниге ээ. Кыргыздар жана «Манас» эпосу жөнүндөгү Ч.Ч.Валихановдун илимий маалыматтары өзгөчө иликтөөлөргө арзып келет. Ошондой эле И.Б.Молдобаевдин «Манас» ж.б. кенже эпостордун материалдарынын негизиндеги тарыхый-этнографиялык, фольклордук иликтөөлөрү, В.Я.Бутанаевдин хакастардын теги, этнографиясы, материалдык, руханий маданиятынын үлгүлөрү, археолог Ю.С.Худяковдун Саян-Алтайда, Монголияда жана Кыргызстандын аймактарында, уюштурган илимий экспедициялардын маалыматтарынын мааниси өтө зор. Муну менен катар кыргыздардын энтамгалары жана аларды илим чөйрөсүнө сунуш этүү В.В.Радлов, С.М.Абрамзон, М.К.Винников, Б.Солтоноев, О.К.Каратаевдин эмгектеринде ишке ашырылып жатат.

Кыргыздардын Саян-Алтай, Чыгыш Түркстан, Орто Азия (лакайлар, катагандар, курамалар, каракалпактар ж.б.), Түштүк Урал (башкырлар ж.б.) аймактары менен этномаданий байланыштарын иликтөөдө С.Атаниязов, Реми Дор, В.В.Радлов, С.Е.Малов, Ө.К.Караев, И.Б.Молдобаев, С.Г.Кляшторный, Т.К.Чороев, С.Алымкулова, Э.Ж.Маанаев, М.Ч.Кожобеков, К.Ш.Табалдиев, Р.Жолдошев ж.б жүргүзгөн илимий изилдөөлөрүнүн жана эмгектеринин тарыхнаамалык мааниси жогорку тепкичте деп белгилеп кетсек болот.

Ал эми алтайлыктар этномаданий өзгөчөлүгү жагынан эки топко бөлүнөт. Түштүк алтайлыктар: теленгитер, алтай кижи, төөлөстөр, майма кижилер (маймалар); Түндүк алтайлыктар: тубалар (туба кижи), челкандар (куу кижи), кумандылар, шорлор. Түштүк алтайлыктардын этнографиялык өзгөчөлүгү, жашоо-шарты көчмөн жана жарым көчмөн турмушка ыңгайлашса, түндүк алтайлыктардын турмуш шарты көп кылымдар бою жөө жүрүп аңчылык жасоого, балыкчылык, дыйканчылык, жыйноочулук турмушка калыптанып калышкан. Түндүк менен түштүк алтайлыктардын ортосунда үй жасалгаларында, кийим-кечесинде, элдик оозеки чыгармаларында, каада-салттарында, диний ишенимдеринде кескин айырмачылыктар сакталып келет. [9,19-22-б.]

Кыргыздардын Саян-Алтай аймагындагы уруулар, элдер менен этностук алакалары, өзгөчө, Кыргыз каганатынын үстөмдүк кылган мезгилдеринде тыгыз жүргөн. Саян-Алтай элдеринде айтылып келген санжыраларында кыргыздар ушул аймактардын түпкү калкы катары каралат. Ошондой эле кыргыздар аталган аймактардын саясий-социалдык турмушунда, этно-маданий процесстерде негизги ролду ойной баштаган. Буга бүгүнкү тува, алтайлыктар, шор, хакас, монгол ж.б. курамдарынан кездешкен «кыргыз» этнонимдери далил боло алат. Бул тарыхый этнографиялык аймактан байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздар калтырган таш бетине чегерилген эстелик жазуулар, санжыра-уламыштар, жер-суу аттары бул маалыматтарды бекемдейт. Тоолуу Алтайда Эне-Сай кыргыздарына таандык археологиялык эстеликтер бир топ санда кезигет. Алар түзүлүшү жагынан Хакас-Минусин ойдуъундагы чаатастарды элестетет. Бул жерде кыргыздар түрк-телелер (төөлөс) менен өз ара этностук-маданий алакада болушканы анык. Мөндүр-Соккондогу (Тоолуу Алтай) рун сымал кыргыз жазуу эстелигинде: «ал түрк» ал эми башка бир жазууларда: «Менин улуу агам…, баатыр жана атактуу кыргыз» деген маалыматтар бар. [10,93-б.] Тоолуу-Алтайдын батышынан (Карабөлүх көрүстөнү) өрттөп көмүү салты менен коюлган жоокердин көрүстөнү табылган. Бул эстелик IX-X кк. туура келген кыргыз бийлигинин мезгилине таандык [10,94-б.].

Ошондой эле кыргыз-тува тарыхый-этникалык, маданий байланыштары тууралуу айрым иликтөөлөр жүргүзүлүп, окумуштуу И.Б.Молдобаевдин эмгектеринде чагылдырылган. Иликтөөчү «Манас» эпосунун материадарынын негизинде кыргыз-тува этникалык-маданий байланыштарына алгачкы ирет кенен токтолуп кеткен. Бул эки элдин алакалары боюнча С.М.Абрамзон «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи» эмгегинде кайрылып кеткен. Мындан сырткары, тувалардын тарыхындагы «Кыргыз каганатынын» мезгили «История Тувада» дагы кең- кесири чагылдырылат. [4,102-б.]

Кыргыздар 840-жылдары Уйгур каганатын талкалагандан кийин азыркы Туванын аймагы Кыргыз каганатынын курамына кирген. Хакас-Минусин, Туванын аймактары Кыргыз каганатынын мамлекеттик түзүлүшүнүн өзөгү болгон дагы алты аймакка бөлүнгөн [5,50-б.]. Кыргыздар Туванын аймагын жердеген уруулардын этностук жүзүнө, материалдык жана руханий маданиятына таасирлерин тийгизишкен. Кыргыз каганатынын курамына кирген ошол мезгилдеги этностук топтор азыркы тувалардын, хакас, тофалардын жана шорлордун ата бабалары болушкан. Саян-Алтай элдеринин өз ара этностук-маданий жалпылыктары Кыргыз каганатынын доорунда калыптанган. Каганат кулагандан кийин,

кыргыздардын айрым бөлүктөрү Туванын аймактарында жашап кала берип, бейкут турмуш урууларын эркин көчүп-конуп жүрүүсүнө шарт түзүп, айрым этностук топтордун өз ара жуурулушуна алып келген. [4,103-б.]

Кыргыздар уйгурларды баш ийдирген соң, Кыргыз каганы мамлекеттин борборун, өргөөнү Танну-Ола (Туванын түштүгү) тоосунун күңгөй жагына көчүрөт. 917-жылы кыргыздарды азыркы Монголиядан кара кидандар (Ляо династиясы) сүрүп чыгарган. Бул тарыхый, согуштук-саясий окуялардан соң Тува менен Минуси ойдуңу 917-жылдан кийин кыргыздардын ээлигинде кала берген. Бул аймактардагы этностук-маданий процесс кыргыздардын көчүп келүүсү менен байланышкандыгына археологиялык эстеликтер, сөөктү өрттөп көмүү салты далил боло алат. Мындан сырткары, Туванын аймактарында «кыргыс» уруктары көп кылымдар бою өкүм сүргөн кыргыздардын саясий бийлигин чагылдырат [4,163-170-б.].

Кыргыздар Туванын аймагында мал чарбачылыгы, дыйканчылык менен металлургиялык өндүрүштүн жана сугат системаларынын өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизишкен. Алтын, күмүш, коргошун өндүрүү жогорку деңгээлде өнүгүп, курал-жарактардын жаңы үлгүлөрүн жасоо жогорку баскычка көтөрүлгөн. Ал эми жерлерди иштетүүдө темирден жасалган оroктор, соколор колдонулуп, буудай, таруу, сулу жана кендир уругун өстүрүшкөн. Бүгүнкү күндө Тувада кара таруу негизги маданий өсүмдүк катары айдалат. Кыргыздар, негизинен, жер иштетүүчүлүк менен кесиптенишкен. Кыргыз мамлекетинин түзүлүүсүндө Миң-Суу ойдуңу жана азыркы Тува Республикасынын территориясы негизги борбор болуп саналат. Ошол себептен А.Н.Бернштам мына ушул аймакты кыргыздардын негизги ээликтери деп эсептөөгө болот дейт, анткени ушул жерлерде «эл» деп аталган кыргыз аристократиясынын башкаруучу өкүлдөрүнүн эстеликтери жана андагы жазуулар табылган. Бул болсо кыргыз аристократиясынын көр үстүнө коюлган эстеликтери жана андагы жазуулар байыркы кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү, экономикасы, ички турмушу тууралуу картинаны көз алдыга келтирүүгө мүмкүнчүлүк бере алат. Буга, албетте, кыргыздар жөнүндөгү кытай жазма булактары толуктоолорду киргизет. Ошондой эле кыргыз-хакас тарыхый, этникалык, маданий байланыштары илимдеги актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Бул кыргыздардын тегине, миграциясына Кыргыз мамлекетинин саясий-экономикалык тарыхына, анын этностук курамы менен маданиятына байланышкан маселелерден болуп саналат. Хакас-Муниси ойдуңу, кыргыздар калтырган этностук маданий катмар, энесайлык кыргыздардын түз урпактары экендиги илимде далилденген бүгүнкү хакастардын тарыхы иликтөөчүлөрдү кызыктырып келет. Хакастар Энесай кыргыздарынын маданиятынын түз мураскорлору болуп саналышат [3,43-б.].

Хакастар өздөрүн «тадар» (татар) деп аташары маалым. Бүгүнкү күндө 80 миңден ашуун хакастар айрым өзгөчөлүктөрү боюнча төрт топко бөлүнүшөт: качиндер (хааш, хаас), сагай, кызыл койбал. «Тадар» (татар) деген кошумча ат, Хакас-Минусин (Кыргыз жери) Россиянын курамына каратылгандан кийин көчүп келгендер (жергиликтүү орус администрациясы) тарабынан берилген. Бирок азыркы Хакасия Россия империясынын курамына каратыла элекке чейин «Кыргыз жергеси», «Кыргыз өлкөсү» деген ат менен тарыхый жазма булактарда чагылдырылып келет [6,100-б.].

Ал эми «тадар» (татар) деген ат келгин орустар тарабынан жана ушул эле энчилүү аттар менен бир нече этностор (крымдык, астрахань, казань, сибирь ж.б. татарлар) белгилүү болгон. Натыйжада, түзүлгөн комисия «кыргыз» этнониминин кытай тилиндеги жыл баяндарда чагылдырылган (Тан доору, VII-X кк.) «хягас» деген формасын кабыл алууга токтолушкан. Мына ошентип, элдин энчилүү аты бир нече кишиден турган топ тарабынан

чечилип, «Хакас» деген ат азыркы учурда да расмий ж.б. мамлекеттик иш кагаздарында гана колдонулуп келет [7,30-б.].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз-хакастардын этномаданий байланыштары боюнча бир катар тарыхый булактар, илимий адабияттардагы маалыматтарга таянып, кыргыз-хакас этникалык алакаларынын тамыры терең, алар Энесай Кыргыз мамлекетинен тартып, кыргыздардын негизги бөлүгү мекендеп келген Теңир-Тоо жана ага жамаатташ аймактарга чейин бирдиктүү тарыхый кыртышка ээ болгодугун билүүгө болот. Энесай аймагында байыр алып калган кыргыздар XVIII к. башына чейин саясий үстөмдүк абалды ээлеп турушкан.

**Адабияттар:**

1. Абрамзон С.М. Кыргыздардын этникалык жана тарыхый-маданий байланышы. Китепте: Кыргыздар. II том. -Бишкек, 1993.296-б.
2. Бернштам А.Н. Избр. труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. 2-томдук. -Бишкек, 1998. 208-б.
3. Бутанаев В.Я. Этническая история хакасов XVII-XIX вв. – М.: 1990. С. 43
4. История Тувы. – М.: «Наука». 1964, Т.I. С. 103.
5. Каратаев О.К. Кыргыз этностук аталыштары тарыхый этникалык булак катары. Кыргыздар: Тарых, Санжыра, Уламыш. Vт. –Бишкек, 2002. 50-б.
6. Каратаев О.К., Бутанаев В.Я. Кыргызстан жана Минусин ойдуңунун этникалык чөйрөсү //Вестник КГНУ. Общ. науки. – Бишкек, КГНУ, 1999. 100-б.
7. Каратаев О.К. Кыргыз-хакас тарыхый этникалык байланыштары //Эл агартуу. – Бишкек 2000. №9-10. 30-б.
8. Материалы по истории киргизов и Киргизии. – Вып. I. – М., 1973. С. 41.
9. Потапов Л.П. Этнический состав и происхождение алтайцев. Историко-этнографический очерк. -Л.: Наука, 1969. С. 19-22.
10. Савинов Д.Г. Народы Южной Сибири в древнетюркскую эпоху. -Л.: Наука, 1984. С. 93.
11. Худяков Ю.С. Эпоха «Кыргызского великодержавия». Кыргыздар. X том. -Бишкек, 2011. 262-б.